**Абдухамидова Батмахан Абдуакимовнанын «Адабий окуу» сабагында окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий кеңешчинин**

# ПИКИРИ

Батмахан Абдуакимовнанын диссертациялык изилдөөсү кыргыз педагогикасындагы актуалдуу проблемага – башталгыч класстарда адабий тексттерди окутуу аркылуу окуучулардын окурман катары компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу методикасын иштеп чыгууга арналган. Баарына белгилүү болгондой, Кыргыз Республикасында PISA көз карандысыз уюмунун аныктоосу боюнча окуучулардын окуганын түшүнүү жана аларын башкаларга түшүндүрүп берүү деңгээлдери өтө төмөн. Мунун башкы себептеринин бири – балдардын окуу ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн технологияларынын илимий негизде иштелип чыкпагандыгы.

Бул эмгек мына ошол бөксөлүктү толтурууга багытталган жана жалпы билим берүүчү орто мектептердин башталгыч класстарындагы «Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруу процессин объект кылып алган.

Диссертант мектепте бир топ жыл иштеген, болгондо да азыркы Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими Гапыр Мадаминов менен бирге Лейлек районундагы №3 эксперименталдык гимназияда эмгектенип жүрүп «Жыл мугалими» конкурсунун республикалык этабынын жеңүүчүсү болгон. Ошондон кийин Кыргыз педагогика илим-изилдөө институтуна келип, кандидаттык диссертациясын коргогон, 2-7-класстар үчүн кыргыз адабияты

окуулуктарын жазууга катышкан, ошол окуулуктардын методикалык колдонмосун, жумушчу дептерин иштеп чыккан. Бул иштер анын ушул докторлук диссертациясы менен түздөн-түз байланыштуу болуп, теориялык ойлорун жыйырма жылдан бери массалык нускалар менен чыккан окуу китептери жана окуу колдонмолору, окуу программалары, предметтик стандарттары менен апробациялап келет.

Ал көптөгөн мектептерде болуп, семинарларды, тренигдерди, ачык сабактарды өткөрүп жүргөн практик катары да теманы жакшы билет, окутуучуларга зарыл билимдерди туура түшүнөт.

Изилдөөдө диссертант тарабынан башталгыч класстарда адабий тексттерди окутуудагы окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун усулдары, принциптери, каражаттары илимий-методикалык жактан ишенимдүү иштелип чыккан.

Изденүүчү диссертациясында окуу программасына, окуу китептерине, окуу-усулдук колдонмолоруна баа берип, аталган теманын изилдениш тарыхы боюнча аналитикалык обзор жасаган, темасынын методологиялык негиздерин туура аныктай алган.

Иштин практикалык баалуулугу – конкреттүү чыгармаларды окутуу процессинде окурмандык ишмердүүлүктү калыптандыруунун усулдарын жана жолдорун көрсөткөндүктө.

Диссертант бул же тигил чыгармаларды окуп-түшүнүүдө педагогикалык жана психологиялык эмгектерди кандайча пайдалануу зарылдыгын аныктаган, бул тармактагы көптөгөн окумушуулардын теориялык эмгектерин өз диссертациясында орундуу пайдалана билген.

Изденүүчү текстти талдоо жумуштарын окурмандын адабий-теориялык, тилдик-лингвистикалык, эстетикалык компетенттүүлүктөрүн жогорулатууга багыттап, эстетикалык табити өскүлөң, адабий билими жогору окурмандарды тарбиялоо системасын иштеп чыккан, бул ишмердүүлүктүн технологияларын көрсөтүп берүү азыркы мугалим үчүн өзгөчө зарыл болчу.

Диссертациянын бир топ бөлүмдөрүндө темага байланыштуу айрым сабактардын фрагменттери сунуш кылынат.

Автордун адабий көркөм тексттерге жүргүзгөн талдоолору текстологиялык анализдөөлөрдөн, каармандарды бири-бири менен салыштырып үйрөнүүдөн, чыгарманын тилин толук талдап түшүнүүдөн турат.

Диссертацияда «Адабий окуу» сабагында окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүнүн негизги мазмуну жана чыгармаларды окурманды өнүктүрүүгө багыттап үйрөтүүнүн оптималдуу ыкмалары жана каражаттары заманбап талаптарга ылайык жүргүзүлгөн.

Б.А.Абдухамидова илимий-теориялык эмгектер менен практикалык иштерди айкалыштыра жүргүзө алган.

Диссертант тарабынан «Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандырып окутуунун методикасы педагогикалык эксперименттен өткөрүлүп, майнаптуу деп эсептелген жолдор жана ыкмалар практикага сунушталган.

Диссертацияда илимий изилдөөнүн теориялык жоболору жеткиликтүү жана ынанымдуу чыгарылган.

Иште айтылган теориялык ойлорунун тууралыгын Баткен областынын Лейлек районундагы Б.Набиев, М.Баетов атындагы орто мектептеринде, Ош шаарынын “Жетиген” мектеп лицейинде, Курманжан датка атындагы №31 орто мектебинде, Бишкек шаарындагы №89 жалпы орто билим берүү мектеби, Чүй областынын Аламүдүн районундагы Б.Бейшеналиева атындагы жана Пригород жалпы билим берүү орто мектептеринде сынактан өткөргөн. Бул эксперименталдык иштери анын теориялык ойлорунун жана сунуштарынын тууралыгын тастыктаган.

Б.А.Абдухамидованын докторлук диссертациясы жана анын жыйынтыктары илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси боюнча башталгыч класстардын «Адабий окуу» сабагында окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун жолдорун көрсөткөн эмгек

катары мектеп мугалимдеринин методикалык билимин жана компетенттүүлүктөрүн жогорулатууга салым кошот деп эсептеймин.

Автордун диссертацияда ишке ашырган изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары жаңы жана маанилүү.

Айтылган илимий жоболор жана методикалык сунуштар «Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк түзүп берет.

Диссертациянын авторефератында изилдөөнүн мазмуну, негизинен, чагылдырылган, андан эмгектин ырааттуу логикасын аңдап билүүгө болот.

Иш КР ЖАК талап кылган тариздеги илимий басылмаларга макалалар түрүндө жана КР Билим берүү жана илим министрлигинин грифи менен жарыяланган окуу китептери, методикалык колдонмолор түрүндө жана изденүүчүнүн практикалык иш аракеттеринде, эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда, башка ар кандай жыйындарда жасаган баяндамаларында системалуу түрдө апробациядан өткөрүлүп келген.

Жыйынтыктап айтканда, **Абдухамидова Батмахан Абдуакимовнанын «Адабий окуу» сабагында окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери»** аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы жана анын авторефереты Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо Комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосуна» ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору Абдухамидова Батмахан Абдуакимовна аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Мен, илимий кеңешчи катары, **Абдухамидова Батмахан Абдуакимовнанын «Адабий окуу» сабагында окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий-методикалык**

**негиздери»** аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган эмгегин диссертациялык кеңеште коргоого сунуш кыламын.

***Илимий кеңешчи:***
***Муратов А.Ж.,***
***И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору, профессор***
***(адистигимдин шифрлери – 13.00.01 жана 13.00.02)***

А.Ж. Муратовдун колун күбөлөндүрөмүн.
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы:___________